# КЫРГЫЗ-ТҮРК “МАНАС” УНИВЕРСИТЕТИНИН КЫРГЫЗ ЖАНА ТҮРК ТИЛДЕРИН ӨЗДӨШТҮРҮҮ ДЕҢГЭЭЛИН АНЫКТОО СЫНАГЫН ӨТКӨРҮҮНҮН НЕГИЗДЕРИ

Кыргыз-Түрк “Манас” университетинин профессор-окутуучу курамын университетте окутуу тилдери болуп саналган **кыргыз** жана **түрк тилдерин** үйрөнүүгө кызыктыруу жана өздөштүрүү деңгээлин аныктоо максатында өткөрүлө турган *Кыргыз жана түрк тилдерин өздөштүрүү деңгээлин аныктоо сынагынын* (мындан ары тилди өздөштүрүү деңгээлин аныктоо сынагы) негиздери төмөндө көрсөтүлгөн:

**1. Сынакка катышууга арыз берүүнүн шарттары, тартиби жана мөөнөтү:**

a) Тилди өздөштүрүү деңгээлин аныктоо сынагына катышуу үчүн университетте толук айлык акы менен иштеген окутуучулар арыз бере алышат.

b) Окутуучулар жараны болгон мамлекеттин расмий же мамлекеттик тил сынагына катыша алышпайт.

c) Тилди өздөштүрүү деңгээлин аныктоо сынагы ар бир окуу жылынын декабрь айында өткөрүлөт. Сынакка катышууга арыз берүү мөөнөтү, сынактын өтө турган күнү, жери жана сааты Чет тилдер жогорку мектебинин жетекчилиги тарабынан университеттин сайтында жарыяланат.

d) Тилди өздөштүрүү деңгээлин аныктоо сынагына катыша турган талапкерлер өздөрү иштеген академиялык түзүм аркылуу Чет тилдер жогорку мектебинин жетекчилигине арыз менен кайрылышат. Арыздар сынак болордон 3 (үч) күн мурун тийиштүү түзүмдөр аркылуу жиберилет. Кулактандырууда белгиленген мөөнөттүн ичинде арыз менен кайрылбаган талапкерлер сынакка катыша алышпайт.

**2. Сынак комиссиясы**

Кыргыз жана түрк тилдерин өздөштүрүү деңгээлин аныктоо сынагын өткөрүүгө Чет тилдер жогорку мектебинин жетекчилиги жоопту. Чет тилдер жогорку мектебинин жетекчилигинин сунушу боюнча ректорат тарабынан түзүлгөн сынак комиссиясынын курамы ар бир тил үчүн кеминде 3 (үч) негизги жана 2 (эки) кошумча мүчөдөн турат.

**3. Сынак өткөрүү тартиби жана жыйынтыктарды баалоо**

a) Кыргыз жана түрк тилдерин өздөштүрүү деңгээлин аныктоо сынагы эки негизги этаптан турат: жазуу жана оозеки.

   1. Жазуу түрүндөгү сынак төмөндөгү этаптардан турат: окуп түшүнүү, угуп түшүнүү, жазуу жүзүндө оюн билдирүү жана которуу. Жазуу түрүндөгү сынак 100 баллдык шкала менен бааланат. Жазуу түрүндөгү сынактын ар бир этабы үчүн (окуп түшүнүү, угуп түшүнүү, жазуу жүзүндө оюн билдирүү жана которуу) 25 балл берилет.
   2. Оозеки сынагында талапкерлер өз тармагы боюнча белгилүү бир темада сабак өткөрүп, оозеки сүйлөшүү жөндөмдүүлүгүн көрсөтөт. Оозеки сынагы 100 баллдык шкала менен бааланат.

b) Тилди өздөштүрүү деңгээлин аныктоо сынагынын жыйынтык баллынын 70%ын жазуу түрүндөгү сынак, ал эми 30%ын оозеки сынак түзөт. Сынакты ийгиликтүү тапшыруу үчүн талапкер мүмкүн болгон 100 (жүз) баллдан кеминде 70 (жетимиш) балл алышы керек. Талапкер жазуу түрүндөгү сынактан жана оозеки сынагынан өз-өзүнчө мүмкүн болгон 100 (жүз) баллдан кеминде 70 (жетимиш) балл алышы керек.

c) Чет тилдер жогорку мектебинин жетекчилиги сынактын жыйынтыгын сынак өткөрүлгөн күндөн 10 (он) жумуш күнү ичинде ректоратка жиберет.

d) Сынактын жыйынтыгына жазуу түрүндөгү даттануу арызы сынактын жыйынтыктары расмий жарыялангандан 3 (үч) күндүн ичинде ректоратка жиберилет. Сынак жыйынтыктарында олуттуу жаңылыштыктар болсо гана даттанууга жатат.
e) Сынактын жыйынтыктарын кайра баалоо: Чет тилдер жогорку мектебинин жетекчилиги сынак комиссиясынан сырткары 3 (үч) мүчөдөн турган сынактын жыйынтыктарына даттануу арыздарын кароо үчүн комиссия түзөт. Бул комиссия 3 (үч) күндүн ичинде даттанууларды карап чыгып, жыйынтыкты Чет тилдер жогорку мектебинин жетекчилигине билдирет.

**4. Сертификат жана анын жарактуу мөөнөтү**

Тилди өздөштүрүү деңгээлин аныктоо сынагын ийгиликтүү тапшырган окутуучуларга ректорат "Тилди өздөштүрүү деңгээлин аныктоо сынагын ийгиликтүү тапшыргандыгы жөнүндө сертификат" тапшырат. Сертификатта төмөндөгүдөй маалыматтар камтылган: тил, баллдардын саны жана жарактуу мөөнөтү. Сертификаттын жарактуу мөөнөтү сынакты өткөрүү жылын кошо алганда 3 (үч) жылды түзүп, акыркы жылдын 31-декабрында аяктайт. **Түшүндүрмө:** *(Мисалы: Эгерде сынак 2018-жылдын декабрында өткөрүлсө, анда ал **2019**, **2020** жана **2021**-жылдарга жарактуу болот. Сертификатта жарактуу мөөнөтүнүн аяктоо датасы көрсөтүлүүгө тийиш – 2021-жылдын 31-декабры).*

Тилди өздөштүрүү деңгээлин аныктоо сынагын ийгиликтүү тапшыргандыгы жөнүндө сертификат академиялык ишмердүүлүктү баалоодо жана шыктандырууда эске алынар-алынбасы, эске алына турган болсо академиялык ишмердүүлүктү баалоо баллдары "Кыргыз-Түрк «Манас» университетинин академиялык ишмердүүлүктү баалоо жана шыктандыруу боюнча нускамасынын" жоболору менен жөнгө салынат.

**5. Күчүнө кириши**

Бул эрежелер Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Башкаруу кеңеши тарабынан кабыл алынгандан тарта күчүнө кирет. Бул эрежелердин күчүнө кириши менен Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Башкаруу кеңешинин 2013-жылдын 11-июнундагы 2013-16.151-чечими менен кабыл алынган *"Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Кыргыз жана түрк тилдерин үйрөнүүгө шыктандыруучу сынак жөнүндө жобосу"* жана бул жобо тууралуу кабыл алынган Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Башкаруу кеңешинин чечимдери күчүн жоготот.

**6. Ишке ашырылышы**

Бул эрежелердин ишке ашырылышы Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин ректораты тарабынан көзөмөлдөнөт.

*Бул эрежелер Кыргыз-Түрк "Манас" университетинин Башкаруу кеңешинин 2018-жылдын 11-декабрындагы 2018-30.220-номерлүү чечими менен кабыл алынды.*